КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын кезексиз XVI сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын ноябрь айынын 11и №129** **Темир айылы**

**Көрктөндүрүү эрежелерин бекитүү жөнүндө**

1. Кыргы Республикасынынын Граждандык Кодексине, КРнын «Укук бузуулар жөнүндө» Кодексине, «Жергиликтүү мамалекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө», «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө», «Өндүрүштүк жана керектөө калдыктары жөнүндө», «Айлана чөйрөнү коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин «Жер, агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратылыш ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырдаал, мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча" туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 10-ноябрындагы №14-протоколунун негизинде, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**
2. Садыр Аке айыл аймагын көрктөндүрүү эрежелери бекилсин. (тиркеме Жобо)
3. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана Мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиц башкармалыгына жиберилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы айыл өкмөт башчысы Н.А.Молдокматовго тапшырылсын.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин жер агрардык реформа, өнөр жай курулуш жана архитектура, транспорт, жаратыл ресурстарын пайдалануу жана кайра иштетүү, экология, өзгөчө кырд мелиорация, таза суу, жайыт маселелери боюнча туруктуу комиссияс жүктөлсүн.

**Төрага** **А.А. Мамы**

*Жиберилди- Иш кагаздарына-1, Айыл өкмөткө-1, обл.юстицияга – 2.*

Садыр Аке айыл аймагынын
айыл өкмөтүнүн
2025-жылдын "11" " ноябры"
№129 токтомуна тиркеме

# Садыр Аке айыл аймагын көрктөндүрүү
# ЭРЕЖЕЛЕРИ

1. Жалпы жоболор
2. Таштандыларды чогултуу жана ташып чыгаруу боюнча жумуштарды уюштуруу
3. Айыл аймакты санитардык күтүү жана тазалоону уюштуруу
4. Көрктөндүрүүнү, тазалыкты жана тартипти камсыздоо
5. Бак-дарактарды күтүү жана карап багуу, айыл аймакты жашылдандыруу
6. Жашылдандырылган аймактардын бак-дарактарын коргоо
7. Жашылдандырылган аймактарды инвентаризациялоо
8. Айыл аймагын көрктөндүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн юридикалык жана жеке жактардын жоопкерчилиги

## Жалпы жоболор

1.Ушул айыл аймагын көрктөндүрүү эрежелери Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", "Өндүрүштүк жана керектөө калдыктары жөнүндө", "Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана айыл аймактарын тышкы көрктөндүрүү абалына жана айлана-чөйрөнү коргоого карата талаптарды аныкталган Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

2.Эрежелер тышкы көрктөндүрүү чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салат жана аткаруу үчүн тышкы көрктөндүрүү чөйрөсүндөгү бирдиктүү жана милдеттүү ченемдерди жана талаптарды белгилейт, менчигинин түрүнө карабастан айыл аймагында жашаган , жерлерди пайдалануучу жана ээлик кылуучу, имараттардын , курулуштардын жана курулмалардын куруучулары, менчик ээлери жана ижарачылары болуп саналган бардык юридикалык жана жеке жактар үчүн айыл аймактарын тазалоо жана күтүү, бак-дарактарды күтүү жана коргоо тартибин аныктайт.

3.Айыл аймагында көрктөндүрү, жашылдандыруу, санитардык тазалоо, аймактарды тазалоо, тазалыкты жана тартипти камсыздоо жаатында иш-аракеттерди координациялоону айыл өкмөтү жүзөгө ашырат.

## 2.Таштандыларды чогултуу жана ташып чыгаруу боюнча жумуштарды уюштуруу

4. Айыл аймагында өз иш-аракеттерин жүзөгө ашырган юридикалык жана жеке жактар, анын ичинде жеке турак үйлөрдүн, көп батирлүү үйлөрдөгү турак жана турак эмес жайлардын ээлери белгиленген тартипте бекитилген топтоо ченемдерине жана тарифтерине ылайык,ошондой эле түзүү, кайра уюштуруу жана башка өзгөртүүлөрдү киргизүүдө айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Келечек” муниципалдык ишканасы менен келишимдерди түзүүгө милдеттүү.

КТК ташып чыгаруу боюнча тийиштүү лицензиясы бар адистештирилген ишканалар менчигинин түрүнө карабастан КТКны ташып чыгаруу боюнча өз иш-аракеттерин айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Келечек” муниципалдык ишканасы менен түзүлгөн келишиминин негизинде жүзөгө ашырууга тийиш.

5. КТКны чогултууну уюштуруу.

1) КТКны контейнерлерге чогултуу, контейнер аянтчаларын тазалоо(жыйноо) , кыш мезгилинде контейнер аянтчаларына баруучу кире бериштерди жана транспорт кирүү жолун кардан жана муздан тазалоо жоопкерчилиги төмөнкүлөргө жүктөлөт:

айыл аймакта жайгашкан контейнер аянтчалары боюнча -түзүлгөн келишимдерге ылайык таштандыларды ташып чыгаруу жана көрктөндүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Келечек” ишканасы.

ижарада, ээликте , уюмдарга, ишканаларга, башка чарба жүргүзүүчү субьектерге, жеке жана юридикалык жактарга.

2)Контейнерлерден таштанды ташуучу транспортко жүктөп алууда же бункерге жүктөөдө чачылган таштандыларды тазалоо, ошондой эле контейнер коюлган аянтчасындагы төгүлгөн таштандыны тазалоо үчүн жоопкерчилик КТКны ташып чыгарууну жүзөгө ашырган айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Келечек” муниципалдык ишканасына жүктөлөт.

3)Чарбалык иштин натыйжасында пайда болгон өнөр жай ишканаларынын жана жеке турак үйлөрдүн ээлеринин өндүрүшүнүн калдыктарын чогултуу жана убактылуу сактоо бул ишканалардын жана жеке турак үйлөрдүн ээлеринин күчү менен бул максаттар үчүн атайын жабдылган жерлерде жүзөгө ашырылат.

4) Ишкананын аймагында ошондой эле жеке турак үйлөрдүн тегерегинде атайын бөлүнбөгөн жерлерде калдыктарды топтоого жана аларды жайгаштырууга тыюу салынат.

5) Контейнерлерди таштанды менен ашыра толтурууга, контейнерлерде тиричилик калдыктарын өрттөөгө жол берилбейт.

6) Контейнер аянтчаларын жана контейнерлерди эксплуатациялаган жана тейлеген уюмдар аларды өз убагында оңдоо жүргүзүүсү жана андан ары пайдаланууга жараксыз болуп калган контейнерлерди алмаштыруусу зарыл.

6.КТКны ташып чыгаруу.

1) Айыл аймагында өз иш-аракеттерин жүзөгө ашырган юридикалык жана жеке жактар, жеке турак үйлөрдүн, көп батирлүү турак үйлөрдөгү турак жана турак эмес жайлардын ээлери КТКны тез арада , график менен алып чыгууга милдеттүү.

2) Түзүлгөн келишимге ылайык, жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген тарифтерге ылайык КТКны ташып чыгаруу боюнча адистештирилген ишкана тарабынан керектөөчүлөрдөн акы алынат.

3) Кыймылсыз обьекттерди куруу жана оңдоо жумуштарын жүргүзүп жаткан юридикалык жана жеке жактар жумуш башталганга чейин курулуш таштандыларын утилизациялоо келишим түзүүгө, аны өз алдынча ташып чыгарууга (утилизациялоого карата келишимге ылайык) же таштандыны ташып чыгаруу боюнча адистештирилген ишканалар менен түзүлгөн келишим боюнча ташып чыгарууга мүмкүн.

7. Контейнерлер атайын жабдылган аянтчаларга орнотулат. Контейнерлерди жайгаштыруу орундары жана тосмолордун түрү шаар куруу жана архитектура органдары ,райондук санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору, айыл өкмөтү, үй жана кварталдык комитеттердин төрагалары жана КТКны ташып чыгаруу боюнча адистештирилген ишканалар менен макулдашылат.

Контейнерлерди жолдун транспорт жүрүүчү бөлүгүнө, тротуарларга, ошондой эле ирригация каналдарына 10 метр жакын аралыкка жайгаштырууга тыюу салынат.

8.Таштанды чыгып кетишине жол бербөө максатында үч тарабынан 1,0-1,2 метр тосмосу болууга тийиш.

9. Контейнер аянтчалары турак үйлөрдөн, балдар мекемелеринен, спорт аянтчаларынан жана калк эс алган жайлардан 20метрден аз эмес алыстыкта, бирок 100 метрден ашпаган аралыкта болууга тийиш.

10. Контейнер аянтчалары жолдун транспорт жүрүүчү бөлүгү тарапка ылдыйлатуу менен асфальт же бетон менен капталып,транспорт кирүү жолдору бар болууга тийиш.

11. Контейнер аянтчаларынын өлчөмү контейнерлерди зарыл болгон санда орнотууга эсептелүүгө тийиш.

12. Контейнерге оңой күйүүчү жана жарылуу коркунучу бар буюмдарды, суюк калдыктарды, медициналдык калдыктарды, ири көлөмдөгү жана курулуш калдыктарын, кыктарды, ысык күлдү, жалбырактар жыйылбаган түрдө ошондой эле айлана-чөйрөгө коркунуч келтирүүчү бардык товарларды жана калдыктарды таштоого тыюу салынат.

Контейнердик аянтчаларга жана аларга түздөн-түз жакын аймактарга таштандыны (кул, дарактардын бутактары, кургак чөп жана башка буюмдар) таштоого жана үйүп салууга тыюу салынат.

13. Контейнерлер техникалык жактан оң абалда болуп, сырдалууга тийиш жана ээлик кылуучунун, подряддык уюмдун реквизиттери, КТКны ташып чыгаруу убактысы көрсөтүлгөн белгилери болушу керек.

14. Контейнерлер жана алардын алдындагы аянтчалар, МСЭКБнын талаптарына ылайык жылына үч жолудан кем эмес (кыш мезгилинен тышкары) айрым учурларда КТКны ташып чыгаруу боюнча адистештирилген ишканалар жана баланс кармоочулар тарабынан жуулуп, дезинфекциялоочу курамдар менен тазаланып турууга тийиш.

15. Айыл аймакта жайгашкан базарларда ,сейил бактарда, эс алуу зоналарында, билим берүү, балдар бакчаларында, ФАП.ГСВ, калк массалык түрдө баруучу башка жайларда, көп кабаттуу турак үйлөрдүн короолорунда, айыл аймагындагы аялдамаларында, иштеп жаткан ишканалардын жана

мекемелердин, соода жана кызмат көрсөтүү объектеринин кире беришинде урналар орнотулушу тийиш.

## 3. Айыл аймакты санитардык күтүү жана тазалоону уюштуруу

16. Ишканалар, мекемелер , уюмдар, чарба жүргүзүүчү субъекттердин ээлери, көп батирлүү турак үйлөрдөгү турак жана турак эмес жайлардын менчик ээлери, жеке турак үйлөрдүн ээлери бөлүнүп, бекитилип берилген, жанаша жайгашкан аймактарды, короо-жай үй жанындагы участоктордун чегинде көчөлөрдү, аянттарды, суулардын жээктерин өз каражаттарынын эсебинен өз алдынча күнүгө санитардык тазалоого милдеттүү.

17. Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын чечими менен айыл аймагындагы санитардык абалды жакшыртуу, жашылдандыруу жана тышкы көрктөндүрүү максатында жалпы ишмбиликтер өткөрүлөт. Аларга катышуу менчигинин түрүнө карабастан айыл аймагында жайгашкан бардык юридикалык жана жеке жактарга жүктөлөт.

Өткөрүлгөн ишембиликтердин натыйжасында топтолгон КТК таштандыларды ташып чыгаруу айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Келечек” муниципалдык ишканасы аркылуу , ошондой эле айыл аймагында жайгашкан юридикалык жана жеке жактарга жүктөлөт.

18. Убактылуу көчө соода орундарын, соода объекттерине (соода павильондору, бат тургузулуучу соода комплекстери, чатырлар, күркөлөр ж.б.) 10 метр радиуста жанаша жайгашкан аймактарды, ал эми базарларды, соода-базар комплекстерин 50 метр радиуста тазалоо үчүн жоопкерчилик, ошол соода объектеринин ээлерине жүктөлөт.

## 4. Көрктөндүрүүнү, тазалыкты жана тартипти камсыздоо

19. Юридикалык жана жеке жактар бардык аймактарда, анын ичинде жалпы пайдалануудагы аймактарда жана жеке курулуш аймактарында да тазалыкты жана тартипти сактоого , көрктөндүрүү элементерин талкалоого жана бузууга жол бербөөгө, ар кандай менчиктеги объектерге этияттык менен мамиле жасоого тийиш

20. Айыл аймагында белгиленбеген жерлерде тиричилик , курулуш жана медициналык калдыктарды, өндүрүштүк калдыктарды, тараларды, бактардын

таарындыларын, жалбырактарды, карды таштоого, топтоого күйгүзүүгө жол берилбейт.

21. Көчөлөрдө, аянттарда, сейил бактарда, гул бакчаларда жана башка коомдук жайларда булгоого тыю салынат.

22. Арыктарга таштандыларды шыпырууга жана ыргытууга, аларга агынды сууларды төгүүгө тыюу салынат.

23.Атайын бөлүнгөн жерден тышкары жерге инерттик материалдарды чогултууга тыюу салынат.

24.Төмөнкү жерлерде түкүрүүгө,чимкирүүгө, семичка чагууга жана башка ушул сыяктуу окшош аракеттерге тыюу салынат:

- көчөлөрдө ,аянттарда, сейил бактарда, гул бакчаларда жана башка коомдук жерлерде;

- тийиштүүлүгүнө жана менчигинин түрүнө карабастан бардык деңгээлдеги билим берүү уюмдарынын, эс алуу уюмдарынын аймактарында;

- базарларда, соода түйүндөрүндө, спорт жайларында, китепканаларда, менчигинин түрүнө карабастан калкка кызмат көрсөтүлүүчү бардык жайларда.

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ээлеп турган имараттарга жана жайларга жанаша аймактарда.

25.Ишканалардын, чарба жүргүзүүчү субъекттердин, жеке турак үйлөрдүн , мончолордун мештерине отун катары өндүрүштүк калдыктарын( тигүү өндүрүшүнүн, автомобиль майларын, лак-сыр материалдарын) желим, каучук, айнек буюмдарын(бөтөлкөлөр, банкалар ж.б.у.с) резиналарды (автомобиль дөнгөлөктөрүн, камералары жана башкалар) өрттөгө тыюу салынат.

26. Соода жүргүзүү үчүн арналган объекттерди, автомобилдерди сактоо үчүн арналган убактылуу обьекттерди ( металл тенттер, бастырмалар, гараждар ж.б.) жана көмөкчү курулуштарды, тосмолорду белгиленген тартипте уруксат алуусуз өзүм билемдик менен орнотууга тыюу салынат.

27. Көчөлөрдү, эс алуу бакчаларын, аянттарды, аймактарды тышкы жарыктандыруу тармактарын эксплуатациялоону жана ондоону айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Келечек” ишканасына милдеттендирилет.Жарыктандыруу тармактарынын элементтерин эксплуатациялоо эрежелери, ондоонун жана алмаштыруунун мөөнөттөрү. Көлөмдөрү электр орнотмолорун орноту эрежелери жана башка ченемдик документтер менен регламенттелет.

28. Көркөм жасалгалоо жана жарнама

1) Жарнама конструкциялары айыл аймагында маалыматтык, жарнамалык конструкцияларды жайгаштыруу, эксплуатациялоо эрежелеринин талаптарына жана имараттардын , курулмалардын фасаддарынын тышкы көрүнүшүнө карата талаптарга ылайык жайгаштырылууга жана тазалыкта сакталууга тийиш.

2) Тийиштүү ыйгарым укуктуу органдар менен макулдашуусуз жана жарнаманы жана жарнама конструкцияларын Тышкы жарнаманын реестрине киргизүүсүз айыл аймагында тышкы жарнаманы , маалымат жана жарнама конструкцияларын таркатууга жайгаштырууга жана пайдаланууга тыюу салынат.

3) Имараттарга , дубалдарга , жарыктандыруу таянычтарына ,бактарга ар кандай кулактандырууларды же башка маалыматтык билдирүүлөрдү жабыштырууга жана илүүгө тыюу салынат.

4) Өзүм билемдик менен жайгаштырылган маалыматтык, жарнамалык жана башка кулактандырууларды, жазмаларды жана сүрөттөрдү бардык объекттерден (имараттардын жана курулмалардын, дүкөндөрдүн фасаддарынан, байланыш тармактарынан жана тышкы жарыктандыруу таянычтарынан ж.б.) алып салуу боюнча жумуштарды жарнама берүүчүлөрдүн жана жарнама таратуучулардын каражаттарынын эсебинен уюштуруу таандыктуулугуна карабастан, көрсөтүлгөн объекттердин баланс кармоочуларына же ижарачыларына жүктөлөт.

## 5. Бак-дарактарды күтүү жана карап багуу, айыл аймакты жашылдандыруу

29. Бак-дарактарды күтүү жана карап багуу.

1) Бак-дарактарды күтүүгө жана карап багууга өзгөчө көңүл уруу зарыл, анткени аба жана кыртыш чөйрөсү өсүмдүктөрдү жашылдандыруу үчүн пайдаланылуучу мурастык биологиялык касиеттер калыптанган табигый шарттардан кескин айырмаланат.

2) Бак-дарактарды күтүү ушул Эрежелер жана бак-дарактарды күтүүнүн ченемдик-өндүрүштүк регламенти менен регламенттелет.

3) Жашылдандыруу объектерин күтүү –булөзүнө төмөнкүлөрдү камтыган жумуштардын комплекси:

бактарды жана бадалдарды, гүлдөрдү карап багуу боюнча жумуштар- өсүмдүктөрдү азыктандыруу, сугаруу, жумшартуу, отоо,зыянкечтерден ,

илдеттерден жана отоо чөптөрдөн коргоо, жылуулукту сүйгөн өсүмдүктөрдү калкалоо (бардык катарлаш жумуштарды аткаруу менен), жер семирткичтерди, таштандыларды жүктөө жана түшүрүү , куураган жана авариялык бактарды кыюу ж.б.;

көк майсаңдарды карап багуу боюнча жумуштар – тырмоо, жумшартуу, азыктандыруу, сугаруу, отоо, таштандыларды жана түшкөн жалбырактарды жыйноо, топурак төгүү, көк майсаңдын жээктериндеги чөптөрдү кыркуу, өсүп кеткен чөптөрдү оруу, уу-химикаттар жана гербициддер менен тазалоо.

30. Бак-дарактарды талаптагыдай күтүү жана сакталышын камсыздоо жоопкерчилиги төмөнкүлөргө жүктөлөт:

1) Жалпы пайдалануудагы жашылдандырылган аймактарда- сейил бактарда, көчөлөрдө айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Келечек” муниципалдык ишканасы.

2) Чектелген пайдалануудагы жашылдандырылган аймактарда:

Жарандык, өндүрүштүк курулуштардын чектериндеги, калкты тейлөөчү соода түйүндөрүндө жана саламаттык сактоо, билим берүү уюмдарынын аймактарында – бул уюмдардын жетекчилерине;

3)Жеке турак жай курулуш аймактарында – жер участокторунун ээлерине;

4) Менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, мекемелердин , уюмдардын, чарба жүргүзүүчү субъекттердин аймактарында – бул субъекттердин жетекчилерине;

31.Жанаша жайгашкан аймакты көрктөндүрүү жана жашылдандыруу үчүн жоопкерчилик менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактарга жүктөлөт. Жанаша аймакты жашылдандыруу, жашылдандыруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органы менен макулдашылат.

32. Бак-дарактарды сугаруу.

1) Бак-дарактар үзгүлтүксүз сугарылып турууга муктаж, ал кыртышын тамыр катмарында дайыма оптималдуу нымдуулукту камсыз кылууга тийиш.

2) Бак-дарактарды сугаруу иши Ысык-Көл райондук суу чарба башкармалыгы менен түзүлгөн келишимдин негизинде айыл аймагына караштуу “Келечек” муниципалдык ишканасы аркылуу жүргүзүлөт;

3) Суу менен жабдуунун адистештирилген уюмунун уруксатысыз суу жабдуу системасынан ичүүчү суу менен бак-дарактарды сугарууга тыюу салынат.

33. Бактардын шак-бутактарын кыюу, “бадал” тосмолорду тегиздөө.

1) Айыл аймагында бак-дарактарды туура күтүү боюнча негизги иш-чаралардын бири болуп жайылган бутактарды кыюу эсептелет, аны атайын айыл аймагына караштуу “Келечек” муниципалдык ишканасы аркылуу жүргүзүлөт;

2) Жайылган бутактарды санитардык кыюу картаң, ооруган, кургап бараткан жана жабыркаган бутактарды , ошондой эле шагынын ичине өсүп калган же бири-бирине жакындап калган бутактарды алып салууга багытталат.

3) Санитардык кыюуну жыл сайын вегетациялык мезгил ичинде жүргүзүү керек.

4) Бактарды жана бадалдарды жашартып терең кыюуну тийиштүү кызматтарда уруксат тариздeлгенден кийин гана жүргүзүүгө болот.

## 6. Жашылдандырылган аймактардын бак-дарактарын коргоо

34. Бак-дарактарды коргоо шаардын ар бир тургунунун милдеттүү парзы болуп эсептелет. Эс алуунун ар кайсы жерлерине баруучу бардык жрандар тазалыкты, тартипти сактоого милдеттүү. Бак-дарактарга этияттык менен мамиле жасап, тийиштүү органдарга эреже бузуучуларга каршы күрөштө көмөк көрсөтүүлөрү зарыл.

35. Менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин жетекчилери, өз аймактарында бак-дарактары бар жеке жана юридикалык жактар, ошондой эле бак-дарактарды талаптагыдай күтүү жана сакталышын камсыздоо үчүн жоопкерчилик жүктөлгөн жеке жана юридикалык жактар төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) бак-дарактардын жабыркоодон жана жок кылуудан толук сакталышын, өсүмдүктөрдүн зыянкечтерден, оорулардан жана отоо чөптөрдөн коргоо иш-чараларын жүргүзүүнү камсыздоого;

2) бак-дарактар өсүп турган аймактарда тиричилик жана өнөр жай калдыктары, курулушташтандылары, агынды суулар жана өсүмдүктөр үчүн зыяндуу башка заттар менен булгоого жол бербөөгө;

3) күтүү жана оңдоо процессинде жүргүзүлүүчү бардык учурларда бактарды кыюуну жана кайра отургузууну технологиялык регламенттин талаптарына ылайык жүзөгө ашырууга.

## 7. Жашылдандырылган аймактарды инвентаризациялоо

36. Бак-дарактарды инвентаризациялоо төмөнкү максаттарда жүргүзүлөт:

1) бак-дарактардын саны боюнча так маалыматтарды алуу, аларды күтүүнү каржылоо үчүн абалын аныктоо жана жерлердин тийиштүү категориясына киргизүү, коргоо статусун жана күтүү шарттаманы аныктоо;

2) жашылдандырылган аймактарын сарамжалдуу пайдаланууну уюштуруу;

3) жашыл чарбасын өнүктүрүүнүн келечектүү пландарын иштеп чыгуу.

## 8. Айыл аймагын көрктөндүрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн юридикалык жана жеке жактардын жоопкерчилиги

37. Ушул Эрежелерди бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына башка ченемдик укуктук актыларына ылайык тартиптик, административдик, жарандык- укуктук жана кылмыш жоопкерчилиги белгиленет.

38. Менчигинин түрүнө карабастан юридикалык жана жеке жактар ушул Эрежелерди бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынада каралган жоопкерчилик тартышат.

39. Юридикалык жана жеке жактардын имараттарына көрнөктөрдү, кулактандырууларды, прейскуранттарды жана адепсиз сөздөрдү камтыган тексттер менен башка көрсөтмөлүү маалыматтарды жайгаштыргандыгы үчүн, ошондой эле шаардык, айыл жериндеги калктуу конуштарда адепсиз сөздөрдү камтыган тексттер менен тышкы жарнаманы жайгаштыргандыгы, ошондой эле калктуу конуштарда жайгаштыруу үчүн белгиленбеген жерлерге кулактандырууларды, баракчаларды, плакаттарды жана башка маалыматтык билдирүүлөрдү чаптагандыгы, илгендиги үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 107-беренесине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартышат.

40. Юридикалык жана жеке жактар көп батирлүү турак үйлөрдүн жалпы пайдалануудагы жерлерин: жертөлөлөрүн, жарым жертөлөлөрүн, кургатуучу жайларын, чатырларынын астын, чатырларын, тепкич клеткаларын, лифттерин,

подьезддерди, үй алдындагы аймактарды санитардык жактан күтүү эрежелерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 110-беренесине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартышат.

41. Юридикалык жана жеке жактар көп батирлүү турак үйлөрдүн жалпы мүлк элементтерин: жертөлөлөрүн, жарым жер төлөөлөрүн, кургатуучу жайларын, чатырларынын астын, чатырларын, тепкич клеткаларын, лифттерин, подьезддерин, инженердик жабдууларын, үй алдындагы аймактарды өзүм билемдик менен пайдалангандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 111-беренесине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартышат.

42. Юридикалык жана жеке жактар калктуу конуштагы аймакты көрктөндүрүү эрежелерин бузгандыгы, ошондой эле ошол аймакта тазалыкты жана тартипти камсыз кылуу эрежелерин сактабагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 114-беренесине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартышат.

43. Юридикалык жана жеке жактар белгиленбеген жерлерге турмуш-тиричиликтик, өндүрүштүк, өнөр жай таштандыларын жана медициналык калдыктарды таштагандыгы, таштандыларды, турмуш-тиричиликтик катуу, өндүрүштүк, өнөр жай калдыктарын жана башка предметтерди өрттөгөндүгү, ошондой эле жалбырактарды өрттөгөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 115-беренесине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчилик тартышат.

44. Юридикалык жана жеке жактар суу менен жабдуунун адистештирилген уюмдарынын уруксатысыз суу жабдуу тутумундагы ичүүчү суу менен бак-дарактарды сугаргандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 119-беренесине ылайык жоопкерчилик тартышат.

45.Юридикалык жана жеке жактар жолду, көчөнү бузгандыгы, көчөнүн же жолдун өтүүчү бөлүгүн булгоонун алдын алууга карата чараларды көрбөгөндүгү, жолдун өтүүчү бөлүгүндөгү оңдоо-курулуш иштеринин натыйжасында бузулган жолдун же көчөнүн элементтерин калыбына келтирүү эрежелерин бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 177-беренесине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

46. Юридикалык жана жеке жактар автомобиль жолуна бөлүнгөн тилкедеги участокту айдагандыгы, тигилген бак-дарактарды кыйгандыгы же сындыргандыгы, чымдарды же кыртышты оюп алышы, чоң жолго кошулуучу жолдорду өзү билемдик менен кургандыгы же бөлүүчү тилкени бузгандыгы,

канализациялык, өнөр жайлык, мелиорациялык сууларды жана агынды сууларды суу бургуч курулмаларга жана резервдерге агызгандыгы, жолдо, көчөдө тоскоолдуктарды түзгөндүгү, жол жээгиндеги тилкелерде тиешелүү органдар менен макулдашпастан, соода точкаларын, тамактануу жайларын, сервистерди же жарнама такталарын, паннолорду, афишаларды, транспаранттарды, көрнөктөрдү, плакаттарды, белгилерди, көрсөткүчтөрдү кургандыгы же уюштургандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 179- беренесине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

47. Юридикалык жана жеке жактар жолдун транспорт жүрүүчү бөлүгүндө жайгашкан кароочу кудуктарды, жер алдындагы коммуникацияларды кутуунун эрежелерин бузгандыгы, жолдун үстүнкү бетине суунун, техникалык суюктуктардын, буунун чыгышына жана ушул себептен улам жол бетинин бузулушуна, муздун пайда болушуна, көрүүнүн чектелишине жана башка тоскоолдуктарга алып келген жер астындагы коммуникациялардын бузуктарын оңдоо үчүн чараларды көрбөгөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексинин 180-беренесине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

48. Юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жер мунапысынын объекттерине туура келген жерлерди кошпогондо, жерлерди пайдалануу эрежелерин, анын ичинде жерлерди пайдалануунун жаратылышты коргоо режиминин талаптарын бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар женунде кодексинин 239-беренесине жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.

49. Юридикалык жана жеке жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жер мунапысынын объекттерине туура келген жерлерди кошпогондо, жерге жайгаштыруу долбоорлорунун жоболорун бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар женунде кодексинин 242-беренесинин 1- бөлүгүнө жана Кыргыз Республикасынын башка колдонуудагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жоопкерчиликке тартылышат.